“Бекитемин”
ОшМУнун ректору,
профессор Кожобеков К.Г.
_______________
_______________ 2020-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин Юридика факультетинин**

**“Социалдык иштер” кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын**

**№ 1 протоколунан**

**К Ө Ч Ү Р М Ө**

***Ош шаары, 2020-жылдын 30-ноябры*** ***217- каана***

**Катышкандар:**
1. Жаркынбаев Т.Ж. - т.и.к., доцент (кеңейтилген жыйындын төрагасы),
2. Кулдышева Г.К. - ю.и.д., профессор,
3. Салморбекова Р.Б. - соц.и.д., профессор,
4. Закиров А.З. – п.и.к., доцент,
5. Акматов Ө.С. - филос.и.к., доцент,
6. Турдубаева Э.Т. - соц.и.к., доцент,
7. Маткаримов Н. - соц.и.к., доцент,
8. Мусаева А.К. - соц.и.к., доцент,
9. Марасулова Н.А. - т.и.к., соц.доценти,
10. Рустамова Д.А. – соц.и.к., доцент,
11. Абдувапова А.Т.- улук окутуучу,
12. Токторбекова Н.А. - улук окутуучу,
13. Карабаева И.Б. – улук окутуучу,
14. Азизова Д.Ш. – улук окутуучу,
15. Каримова Д.С. - окутуучу,
16. Мырзалиева Т.Ж. – окутуучу,
17. Билимбек уулу Ынтымак- катчы.

**Күн тартибинде:**

1. Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Кундузхан Усоновнанын “Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо” аттуу 22.00.04. – “социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер” адистиги

боюнча социология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын талкулоо.

**Угулду:**

**Жыйындын төрагасы Жаркынбаев Т.Ж. - т.и.к., доцент:** Урматтуу коллегалар, бүгүн сиздердин назарыңыздарга илимдин кандидаттыгына талапкер болгон, диссертант, "Социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Кундузхан Усоновнанын "Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо" аттуу темасы талкууга коюлуп олтурат. Белгиленген диссертациялык тема кафедранын 2013-жылдын №7 протоколунда, факультеттин №8 протоколунун негизинде, ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2013-жылдын 3-апрелиндеги №6 отурумунда каралып бекитилген. Илимий жетекчиси: филос.и.д., профессор Исаев Кусейин Исаевич. Аталган диссертациялык иш боюнча баарыңыздарды талкууга чакырамын. Анда эмесе алгачкы сөздү изденүүчү К.У. Каримовага берели.

**Каримова К.У. - изденүүчү:**

Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, окумуштуулар! Сиздердин назарыңыздарга "Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо" деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишимдин кол жазмасы сунушталып олтурат.

Ар кандай цивилизациялуу өлкөлөрдүн стратегиялык ракурсу – Социалдык мамлекетти түптөөгө багытталган. Ал эми мындай ракурста жогорку квалификациялуу даражада социалдык саясатты ишке ашыруу – обьективдүү зарылдыкты туудурат. Жеке адамдарга, үй-бүлөлөргө жана социалдык топторго, жалпы коомчулукка психосоциалдык, интеллектуалдык, укуктук, моралдык жана көркөм чыгармачылык алкактарда жардам көрсөтүүчү, алардын социалдык толук кандуу бакубат жашоосун камсыздоочу, өнүктүрүүчү миссия - мамлекеттин социалдык иш аракетине таандык.

Өлкөбүздүн социалдык тармагынын өкүлдөрү: – эмгек жана социалдык өнүктүрүү, балдар боюнча иш алып барган мекеме-уюмдар, ведомстволордо ж.б.у.с. мамлекеттик жана жергиликтүү түрдүү мекеме уюмдарында, эмгектенишип, жашы жете электер багытындагы социалдык тармакты өнүктүрүү боюнча кабыл алынган программаларды жүзөгө ашырууда. Адам баалуулуктарын, анын укуктарын, бакытка жана эркиндикке умтулуусун таануу, ошондой эле, адамдын социалдык - рухий жашоо абалын, чыгармачыл – ишкер жөндөмдүүлүктөрүн, талантын жогору баалоо менен, аларды ишке ашырууучу социожаратылыштык жана социомаданий мүмкүндүктөрдү түзүү идеяларынын биримдигин камтып келген гуманистик

идеялар түбөлүк актуалдуу маселе. Мына ошол маанилүү башат катары эсептелинген өспүрүмдөр маселеси: алардын социалдык жашоо деңгээлин, укуктарын коргоо, социалдашуу процессиндеги социалдык тарбия маселелери, өзгөчө кароосуз калган жана көзөмөлсүз калган жашы жете электер, социалдык жетимдик, жана өспүрүмдөрдүн девианттык жана делинквенттик жүрүм-турумдарын жөнгө салуу – өзгөрмөлүү коомдун миссиясы.

Өткөөл мезгилдин кесепеттеринен улам биздин өлкө терс көрүнүштөгү социалдык кубулуштарга кабылды. Алар: калктын жашоо деңгээлинин төмөндөп кетүүсү, экономикалык туруксуздук, социалдык теңсиздик, салтык адеп-ахлактык адаттардын, баалуулуктардын ыдырашы менен биринчи кезекте балдар жана үй-бүлө жабыркады.

Өлкөнү социалдык-экономикалык реформалоодо жана эмгек-базар мамилелеринин калыптанышы менен канчалаган балдардын жана өспүрүмдөрдүн социалдык коргоого жана колдоого муктаждыктарын жаратты. Турмуш тажрыйбасы көрсөтүп тургандай мындай маселелерге кабылгандар өздөрүнүн маселесин өздөрү да, үй-бүлө мүчөлөрү да чече албай турган жагымсыз шарттар келип чыкты.

Кароосуз калган бала – бул ата-эненин же, мыйзамдуу өкүлдөр тарабынан камсыздоо, окутуу, тарбиялоо боюнча, тактап айтканда асыроо милдеттеринин аткарылбагандыгынын же, аткарууга жатпагандыктын натыйжасында жүрүм-туруму көзөмөлсүз калган жашы жете элек бала.

Көчө баласы – жашоо жайы белгисиз же, келип туруучу жайы жок кароосуз калган бала. Алар адатта окуй албайт, жаза албайт жана эсептегенди да билишпейт тактап айтканда сабатсыз. Ошондой эле ар кандай оорулар менен ооруйт. Биз мындан бала кароосуз, көзөмөлсүз калып, акырындык менен көчө баласына айланышынын - анын дезадаптацияланышын көрүүгө болот.

Өспүрүмдөр өздөрүнүн физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кандай коркунучтарга кабылганда ага алдырып коет. Алар кылмышкерлердин жана башка терс жүрүм-турумдагы адамдардын жеңил олжосу болушат. Кароосуз калган жана көчө балдарынын кылмыш дүйнөсүнө, банги заттарга болгон муктаждыктарга кабылганга чейин аларды стационардык мекемелерге же үй-бүлөгө жайгаштыруу зарыл. Бул боюнча «Жаңы муун» мамлекеттик программасын ишке ашыруу максатында балалыктын чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өнүктүрүү каралган. Ал балдардын үй-бүлөлүк тарбиялануу системасын өнүктүрүүгө жана үй-бүлөнүн өзүнө жеткиликтүүлүгүн калыптандырууга багытталган. Мамлекеттин бул саясатын ишке ашыруу балдар үчүн үй-бүлөдө

өсүп-чоңоюшун коомчулуктун негизинде социалдык иштерди түзүү аркылуу камсыздоо болуп эсептелет. Айрыкча, азыркы дүйнөлүк коомчулукта болуп жаткан «криминализмдин», «экстремизмдин», «терроризмдин», ошондой эле, «баңгилик», «араккечтик», «сойкулук», «арамзалык», «кыянаттык», «ачкөздук», «шалаакылык» сыяктуу социалдык залалдуулук шарттарында балдарды социалдык тарбиялоонун көйгөй маселелерин концептуалдуу талдоого алуу менен алардын аксиологиялык деңгээлин илимий айкындоо, праксиологиялык маңызын ачып көрсөтүү – абдан маанилүү болуп олтурат.

Үй-бүлө - бала үчүн негизги социалдык фактор. Ал аны менен бирге социалдашат жана андагы көз караштарды салттарды жүрүм-турумдарды жана пикир алышууну өзүнө сиңирет. Бүгүн өспүрүмдөрдүн арасында ар түрдүү социалдык көйгөйлөр бар. Алардын арасында жетим балдар, чектен чыккан жүрүм-туруму менен, ташталган, кароосуз, багуусуз калган, өздөрүнүн эле ата-энелер тарабынан зомбулуктун курмандыктарына айлангандар. Алар билим алууда жана жүрүм-турумунда маселелери бар. Алардын арасында мыйзам бузуулар да бар.

Жашы жете электер тарабынан мыйзам бузуулардын көбөйүп жаткандыгынын саны өсүүдө.

Укук бузуу жалпы коомдун кызыкчылыктарына же жарандардын жеке кызыкчылыктарына каршы багытталган коомго каршы жүрүм-турумдун формаларынын бири болуп саналат. Жарандардын жүрүм-туруму Юриспруденция көз карашынан алганда укукка ээ жана укукка жатпаган болуп калышы мүмкүн. Укукка жатпаган аракеттер же укук бузуулар укук ченемдерине каршы келген юридикалык факторлорду билдирет. Алар өлкөдөгү тартипти бузган.

Бизге белгилүү болгондой укук бузуулар кылмыш жана жорук болуп бөлүнөт.

Кылмыш – бул эң коомдук коркунучтуу жосунду кылмыш-жаза мыйзамында каралган жазыктык жоопкерчилик курагына жеткен адам (ниет менен же байкабастыктан) жасалган кылмыш. Ошондой эле ал кылмыш жаза мыйзамындакоомдук мамилелерге коркунуч жаратуучу жүрүм-турум нормаларынынын чегинен чыккан, антисоциалдык деп крсотулот.

Жорук - бул чоң коомдук коркунучту камтыбаган, укукка каршы жана күнөөлүү жосун. Укук формасында жорук селсаяктык, майда уурулук, аракечтик ж.б. көрүнөт. Жоруктар административдик, жарандык, эмгектик жана укуктун башка тармактарынын ченемдери менен жөнгө салынат. "Жорук" сөзү менен "деликтиктин" синоними болуп саналат. Деликт (лат. delictum – бузуу, күнөө) – зыян келтирген жана зыян алып келе турган мыйзамсыз аракети, жорук, укук бузуу. Деликт - Кыргыз Мыйзамында

колдонулбайт, бирок илимий–укуктук адабиятта кеңири пайдаланылат. Жорук – укукка каршы жүрүм-турум - бул делинквенттик жүрүм-турум. Делинквенттик жүрүм-турум өспүрүм куракта башталат. Делинквент - бул укук бузуучу тагыраак айтканда социалдык чектен чыккан жүрүм-туруму бар адам. Өспүрүм-делинквенттер мыйзамды бузган балдар.

Мыйзам менен чатагы бар балдар – бул ошол балдар болуп айыпталуучу, кылмыш жасоого шектүү, кылмыш жасагандыгы үчүн соттоло тургандар жана соттолгондор, ошондой эле административдик укук бузуу деп таанылган мыйзамдар менен белгиленген тартипте административдик укук бузууга күнөөлүү болуп саналат.

Өспүрүм-делинквенттер кыйын турмуштук кырдаалга кабылган балдар. Мындай кырдаал, эреже катары, ата-энесинин камкордугусуз калган, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдө, зомбулуктун курмандыгы болушкан же кылмыш жасаган, көзөмөлсүз жана кароосуз калган балдар. Ошондой эле балдар, өз алдынча же үй-бүлөсүнүн жардамы менен жоюга мүмкүн эмес жагдайлары көрсөтүлгөн.

- Делинквенттик көрүнүштөр уникалдуу жана жаңы эмес, бирок аны изилдөөдө өткөөл мезгилде өзгөчө талкууга алынган маселе. Азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы делинквенттик жүрүм-турум коомдун өнүгүү абалына терс таасирин тийгизүүдө.
- Кыргызстанда 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр тарабынан жасалган кылмыштын саны статистикалык маалыматтар боюнча 2015 – жылы 1067 өспүрүм болсо 2018 – жылы 1432ге өсүп кеткен. Ал эми 14 жаштан 17 жашка чейинки кылмыш жасаган өспүрүмдөргө соттун чечими менен соттолгондордун саны 2015 – жылы 191 өспүрүм болсо 2018 – жылы 161 өспүрүм болгон (Улуттук статистикалык маалымат)

Аталып жаткан теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасы үчүн эң маанилүү жана келечек көйгөйлөрүн жеңилдетүү максатында маанилүү көрүлгөн чаралардын бири. Мына ушул контекстте менин диссертациялык изилдөөм – актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты. Диссертациялык изилдөөнүн максаты** - өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумдагы балдардын кыргыз коомундагы сүрөттөлүшүн алып чыгуу, коомдун өзгөрмөлүү шарттарындагы түрдүү социалдык факторлорго социологиялык иликтөө жүргүзүү – диссертациялык иштин максаты болуп саналат.

**Максатка жараша** төмөнкү милдеттер коюлуп, каралат жана изилденет:

- өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турум маселесин изилдөөнүн негизги социологиялык парадигмаларын илимий талдоо;
- делинквенттик жана делинквенттик жүрүм-турумга жалпы мүнөздөмө берүү;
- өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдарына үй-бүлө, мектеп жана башка социалдык институттардын тийгизген таасирин анализдеп карап чыгуу;
- коомдун трансформацияланууу учурунда өспүрүмдөрдүн делинквент жүрүм-турум маселелериндеги заманбап өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумду алдын алуу боюнча социалдык механизмдерин иштеп чыгуу;

2020-жылы социологиялык изилдөө жүргүзгөм. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну талап кылды. Алсак, документтерди анализдөө, статистикалык маалыматтар, тема боюнча чагылдырылган илимий эмгектер талданды. Кокустук ыкма менен 400 респондент он-лайн (интернет аркылуу-google forme программмасы) сурамжыланды. Практика жүзүндө кокустук (случайный) ыкма аркылуу сурамжылоо жүргүзүүдө 400 респондент репрезентативдүүлүктү тастыктайт, себеби тандаманын бирден бир ишенимдүү түрү экени далилденген. Сурамжылоого 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр кирген. Алардын ичинен 47,4 % кыздар жана 52,6 % эркек өспүрүм куракгагылар боду жана сурамжылоого катышты. Улуту боюнча: 18 % - орустар, 26 % - өзбек улутундагылар жана 56 % - кыргыздар.

- 2018-жылы Кыргыз Республиканын прокуратурасы тарабынан жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө менен жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжасында 9331 мыйзам бузуулар аныкталды, алар үчүн 992 сунуш жана мыйзам бузууларды четтетүү боюнча 330 буйрук чыгарылды, 59 акт протест келтирилди, 95 кызмат адамына эскертүү берилди, 35 административдик иш козголду. Жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча 33 кылмыш иши, 85 доо коюлган. Актылар боюнча 35 кызмат адамы административдик, 1804 адам дисциплинардык жоопкерчиликке тартылышты.

- Ошол эле учурда, 2018-жылы жашы жете электерге каршы жасалган кылмыштардын санынын эң чоң өсүшү Бишкек шаарында 61,9% га, Талас облусунда 60% га жана Ош облусунда 43,7% га катталды. Кылмыштардын санынын төмөндөшү Нарын облусунда 65,7% га, Жалал-Абад облусунда 20% га жана Чүй облусунда 7,5% га төмөндөгөн.

Жашы жете электер тарабынан жасалган кылмыштар үчүн Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Укуктук статистика жана эсепке алуу департаменти - БПУСнун маалыматы боюнча, республикада 2018-жылы

жашы жете электер тарабынан жасалган 1527 кылмыш, 2017-жылы 878 жана 2016-жылы 829 кылмыш катталган. Көрүнүп тургандай, 2017-жылы кылмыштардын саны 5,9% га, ал эми 2018-жылы 73кө же 9 % көбөйгөн.

Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун өзгөчө белгилери КРнын Ички иштер министрлигинин статистикасы менен тастыкталат. Ошентип, изилдөөнүн маалыматтары боюнча, кылмыш жасаган өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук 26,3%, алкоголдук жана баңги заттардан мас абалында кылмыштарды жасоо - 14,9%, топтук кылмыштарды жасоо - 44,2%ды тузот. Акыркы факты, кылмыштуу топко кирген жашы жете элек өспүрүмдөрдүн социалдык психологиясынын топтуулукка байланышкан өзгөчө маанисин тастыктайт.

Делинкветтик көрүнүштөр уникалдуу жана жаңы эмес, бирок аны изилдөөдө өткөөл мезгилде өзгөчө талкууга алынган маселе. Азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы делинквенттик жүрүм-турум коомдун өнүгүү абалына терс таасирин тийгизүүдө. Азыркы коомдогу кубулуш адамдардын, үй-бүлөнүн ичиндеги өз ара мамилелерди сапаттуу өзгөртүү оң гана эмес, терс өзгөрүүлөрдү да жаратууда. Коомдогу ар кандай социалдык патология (баңгилик, сойкулук, алкоголизм ж.б.), социалдык чөйрөнү криминалдаштыруу, кескин өнүгүүсүндөгү башка терс тенденциялар социологиялык илимге өтө маанилүү көйгөйдү жаратат.

Кыргызстанда 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр тарабынан жасалган кылмыштын саны статистикалык маалыматтар боюнча 2015 – жылы 1067 өспүрүм болсо 2018-жылы 1432ге өсүп кеткен. Ал эми 14 жаштан 17 жашка чейинки кылмыш жасаган өспүрүмдөргө соттун чечими менен соттолгондордун саны 2015-жылы 191 өспүрүм болсо, 2018-жылы 161 өспүрүм болгон.

Демек, биздин коом башынан кечирип жаткан экономикалык кыйынчылыктар өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана саясий-укуктук кырдаалды курчуткан, кеңири кулач жайган кылмыштуулук өспүрүмдөр арасында, массалык аң-сезимде терс чагылдырылып, тийиштүү баалуулук багыттарын калыптандырып, бекемдеп жатат. Парадоксалдуу кырдаал түзүлдү, бир жагынан, радикалдуу реформалардын бүткүл жүрүшү, аларды жүзөгө ашырууга жарандардын жигердүү катышуусун талап кылса, экинчи жагынан, аларды жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү олуттуу тоскоолдук фактор катары иш алып барган делинквенттик жүрүм-турумдун, айрыкча, укук бузуулардын жайылышына алып келди.

Делинквенттик жүрүм-турумдун заманбап кыргыз коомчулугунда кеңири жайылышы адамдардын турмушунун бардык чөйрөлөрүнө таасирин тийгизет жана алардын жашоо образындагы өзгөрүүлөрдө, баалуулук

багыттарынын жана социалдык мамилелердин калыптануусунда, ошондой эле укуктук жана моралдык ченемдердин бузулушун билдирет. Натыйжада, ар кандай четтөөлөр формалары (анын ичинде мыйзамга каршы, башкача айтканда, делинкветтик жүрүм-турум) социалдык институттардын, катмарлардын, топтордун жана адамдардын бир кыйла бөлүгүн камтыйт. Коомдук нормалардан четтөөлөр кеңири жайылып, көбүнчө жүрүм-турумдун рационалдуу жана жалпысынан алгылыктуу стили катары кабылданат. Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумун изилдөө зарылдыгын аныктайт.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.**

1. Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумга дуушар болуунун себептери илимий талдоого алынды.

2. Жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча институттардын социалдык механизмдери илимий изилдөөгө алынды.

3. Өспүрүмдөр арасында девианттык жана делинквенттик жүрүм-турумун социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолор берилди.

4. Өспүрүмдөрдүн адаптация жана дезадаптация процесстериндеги маселелер ачылып көрсөтүлдү.

5. Үй-бүлөдө өспүрүмдөрдүн социалдашуу процессиндеги кыйынчылыктары жана балдарды тарбиялоодогу ыкмалар каралды.

6. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумдарын алдын алуу боюнча иш чараларды көрүү жана келечек багыттары иштелип чыкты.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси, бул биринчи кезекте, анын актуалдуулугу жана заманбап этапта өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алуу үчүн иштин негизги жоболорун жана натыйжаларын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү менен байланыштуу аныкталат.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси** - бул социалдык иштин социологиясын, девиациянын социологиясын өнүктүрүүгө, ошондой эле өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун теориялык базасын өнүктүрүүгө, анын алдын алууга да салым кошуп жатканында турат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана материалдары:

- аткаруу бийлигинин органдары тарабынан жашы жете электердин делинквенттик жүрүм-турумунун региондук программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда;

- укук бузуучу өспүрүмдөрдү коргоо боюнча жана өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алууда иш жүргүзгөн мекемелер жана уюмдардын;

- "Социология", "Социалдык иш", "Социалдык педагогика" адистиктер жана багыттар боюнча окуп жаткан студенттер үчүн "Девиация социологиясы", "Делинквенттер менен социалдык иштерде", "Жашы жете электердин делинквенттүү жүрүм-турумунун алдын алуу" жана башка окуу курстарын иштеп чыгууда жана сабак окутууда колдонуу мүмкүн.

Ошондой эле келечекте делинквенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, социалдык жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

**Коргоого алып чыга турган диссертациянын негизги жоболору:**

1. Өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумуна таасир этүүчү факторлорду изилдөө өспүрүмдөрдүн социалдашуусунун негизги институттары - үй-бүлө, мектеп, эс алуу чөйрөсү, эмгек дүйнөсү бүгүнкү күндө кризиске кептелгенин көрсөттү. Алардын таасиринин дал келбестиги өспүрүмдүн жеке мүнөзүнө карама-каршы талаптардын коюлушуна алып келет, алар өспүрүм мезгилинин өткөөл мүнөзүнө үстөмдүк кылып, өспүрүмгө коомдун нормаларын жана талаптарын өздөштүрүүнү кыйындатат. Айрыкча, жүрүм-турумдун делинквенттик жана криминалдык моделдерин өспүрүм чөйрөсүнө которгон ММКнын натыйжасыз таасирин белгилеп кетүү керек.

2. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укук бузууларына байланыштуу социалдык көзөмөл калыбына келтирүүчү сот адилеттигинин артыкчылыктарына негизделиши керек, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн технологияларын колдонуу. Коомдук көзөмөлдүн заманбап тутуму өспүрүмдөр арасындагы укук бузуунун көрүнүшүнө коомдун катаал реакциясын божомолдошу керек, натыйжада биринчи жолу кылмыш жасаган өспүрүм коомдон обочолонууга байланышпаган ажыратуу же чектөөлөргө дуушар болот. Ошентип, өспүрүмдүн коомго эрте реабилитацияланышын жана реинтеграцияланышын шарттаган альтернативдүү чаралардын тутумун иштеп чыгуу керек. Делинквенттик жүрүм-турумдан арылууда өспүрүмдөргө

профилактикалык чараларды медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү менен айкалыштыруу керек.

3. Делинквенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн санынын көбөйүшүнүн алдын алуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттик стратегиялык көз карашты өзгөртүү менен коштолушу керек. Себеби, ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй-бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу пропагандаларды жүргүзүү, энелерди баладан ажыратпоо мыйзамдарын иштеп чыгуу керектигин аныктадык.

4. Негизги милдет - укук бузуу көрүнүштөрүнүн алдын алуу жана келип чыккан жагымсыз кесепеттерди жоюу. Кылмыштуулуктун алдын алуу ар тараптуу болушу керек. Бардык профилактика субъекттеринин иш-аракеттерин координациялоо зарыл. Өспүрүмдү кылмыш жасагандыгы үчүн жазалоо үчүн санкцияларды кабыл алууда коомчулуктун ролу күчөтүлүшү керек. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуунун социалдык механизмин карап чыгып, алдын алуу боюнча инспекторлордун ишин координациялоонун зарылдыгын белгилей кетүү керек; өспүрүмдөр менен иштөөчү профилактикалык иш-аракеттердин инспекторлорду туура кадрлар менен камсыз кылуу; жашы жете элек кылмышкерге таасир этүү чараларын кеңейтүү; республикалык жана аймактык деңгээлде кылмыштуулуктун алдын алуу программаларын түзүү; тийиштүү программалар үчүн жетиштүү каржылоону камсыз кылуу. Өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алуудагы регионалдык аспект жергиликтүү деңгээлде көрсөтүлгөн темада болгон көрсөткүчтөрдүн өзгөчөлүктөрүнө (анын ичинде социалдык-экономикалык, саясий, адеп-ахлактык ж.б.) ылайыктуу чараларды көрүүгө мүмкүндүк бериши керек.

5. Азыркы учурда биздин өлкө жашы жете элек өспүрүмдөрдүн девиациясынын жогорку динамикасына туш болгонун эске алып, делинквенттик жүрүм-турумдун алдын алууда чет элдик тажрыйбаны эске алуу керек, буга чейин өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумун жеңүү боюнча конкреттүү өнүгүүлөр камтылган. Өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алуу алкагында коомдук уюмдардын ишмердүүлүгү эл аралык донорлордон грант алууга активдүү катышуу керек, кылмыштуулуктун динамикасы жогору экендигин эске алуу менен өлкөлөрдөгү кырдаалды турукташтыруу үчүн гранттарды алуу боюнча координациялык механизм бар. Жашы жете электердин делинквенттик жүрүм-турумун жеңүү үчүн жалпы жарандык коомдун катышуусу зарыл.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** 2016-жылдан баштап изденүүчүнүн демилгесинде аталган тема боюнча социологиялык изилдөөлөргө илимий анализ жасалып, 2020-жылы автор өзү тарабынан социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну талаптандырды. Алсак, документтерди анализдөө, статистикалык маалыматтар, тема боюнча чагылдырылган илимий эмгектер талданды. Кокустук ыкма менен 400 респондент он-лайн (интернет аркылуу-google forme программмасы) сурамжыланды. Практика жүзүндө кокустук ыкма аркылуу сурамжылоо жүргүзүүдө 400 респондент репрезентативдүүлүктү тастыктайт, себеби тандаманын бирден бир ишенимдүү түрү экени далилденген. Сурамжылоого 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр кирген. Алардын 47,4 % кыздар жана 52,6 % эркек өспүрүм курактагылар катышты. Улуту боюнча: 18 % - орустар, 26 % - өзбек улутундагылар жана 56 % - кыргыздар.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертант төмөндөгүдөй эл аралык, республикалык жогорку окуу жайларында болуп өткөн илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, тегерек столдорго катышкан:

1. Өзгөрүлүп жаткан дүйнөдөгү жергиликтүү башкаруунун модернизациясы аттуу эл аралык симпозиум. 2012-жылдын 30-31-майы. Бишкек шаары, КТМУ Ч.Айтматов атындагы кампус.

2.ОшМУнун 75 жылдык маарекесине карата «Билим берүүнүн, илимдин заманбап маселелери, интеграциялануу процессинде жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүндө университеттердин ролу» аттуу эл аралык конференция . Ош шаары ОшГУ . 22.04.2014

3.“Социалдык иштердин абалы жана өнүгүүсү” аттуу республикалык илимий конференция. Ош шаары . ОГПИ. 06.11.2014ж

4.ЕС колдоосу менен Финляндиянын ABILIS фондунун “ДМЧ адамдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана катышуусу” окуу программаларынын тапшырмаларын аткаруу боюнча “Азыркы учурдагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата социалдык иштердин социалдык-укуктук маселелери жана чечүү жолдору” аттуу аймактык илимий-практикалык конференция. Ош шаары. ОшМУ.19.10.2018

Негизинен диссертацияда камтылган теориялык жоболор, методологиялык ыкмалар, практикалык сунуштар жыйналыштарда, теориялык семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда Ош мамлекеттик университети жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик мекемесинин тегерек столдорунда айтылган жана талкууланган.

**Жыйынтыктардын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары 13 илимий эмгекте толук чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, корутунду бөлүктөн, колдонулган адабияттар жана тиркемелерден турат. Эмгекте таблицалар, диаграммалар берилген. Диссертациялык иштин мазмундуу көлөмү 150 бет.

**Төрага:** Суроолоруңуздар барбы?

**Акматов Ө.С. – доцент:** Изилдөө кайсы географиялык аймактарды камтыган? Изилдөөнү кайсы чөйрөлөрдө апробация жасалды?

**Каримова К. – изденүүчү:** Изилдөө Кыргызстан боюнча жүргүзүлдү. Кокустук ыкманын жардамында анкета жүргүзүлдү. Изилдөөдө социология менен бирге укуктук, психологиялык чөйрөлөрдөгү изилдөөнүн жыйынтыктарына, илимий адабияттар каралды. Илимий конференцияларда, тегерек столдордо аппробацияланды.

**Турдубаева Э. – доцент:** Изилдөөдө кайсыл жылдар камтылган?

**Каримова К. – изденүүчү:** Изилдөө 2016-жылдан 2020-жылга чейинки аралыктагы социологиялык изилдөөлөргө анализ жасалып, 2020-жылы социологиялык изилдөө жүргүздүк.

**Маткаримов Н. – доцент:** Изилдөөнүн теориялык мааниси кандай?

**Каримова К. – изденүүчү:** Изилдөө 2016-жылдан 2020-жылга чейинки аралыктагы социологиялык изилдөөлөргө анализ жасалып, 2020-жылы социологиялык изилдөө жүргүздүк.

**Марасулова Н. – доцент:** Жашы жете электердин иштери боюнча сот акыйкаттыгын ишке ашырган мамлекеттик органдарды айтыңызчы**?**

**Каримова К. – изденүүчү:** Балдар иштери боюнча комиссия, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмдөрү, юстиция, жаза аткаруу, ички иштер, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо, социалдык тейлөө адистешкен органдары жана мекемелери, иш менен камсыз кылуу кызматтары.

**Кулдышева Г. – профессор:** Изилдөөдө "ювеналдык юстиция" термининин колдонупсуз, анын мааниси кандай?

**Каримова К. – изденүүчү:** Ювеналдык юстиция (Juvenile justice – англ.) – эл аралык термин. "Жашы жете электер үчүн сот акыйкаттыгы" дегенди түшүндүрөт. Сөздүктө ювеналдык юстицияга (лат.сөзү juvenalice – жаш жана юстиция) төмөндөгүдөй аныктама берилет:

- Жашы жете электер жасаган кылмыштары жана укук бузуулары жөнүндө иштер боюнча сот акыйкаттыгын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын, ошондой эле жашы жете элек кылмышкерлерди туура жолго салууга жана реабилитациялоого жана балдар кылмыштуулугунун

профилактикасына, үй-бүлөнү социалдык коргоого жана балдардын укуктарына көзөмөл жүргүзгөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес түзүмдөрдүн тутуму.

**Төрага:** Суроолор башка жок болсо, талкуулоого өтүүнү сунуштайм.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Рустамова Д.А. - с.и.к., доцент:** Негизинен мыйзамга каршы жүрүм-турумдагы балдар илимий изилдөөнүн негизги обьектиси болуп, жалпы илимде башкача айтканда социология, укук таануу, социалдык психология, социалдык педагогика, социалдык иш тармактары менен түздөн-түз динамикалуу байланышкан изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Делинквенттик жана делинквенттик жүрүм-турум түшүнүгү өлкөнүн гана эмес дүйнөнүн актуалдуу көйгөйүнө айланган. Мына ошондуктан, илимий теманы изилдөөдө өздүк материалдар кеңири пайдаланылган. Бул диссертанттын даана эмгектенгендигинин далили болуп саналат. Мисалы, концептуалдык түшүнүктөрдү ордуна жайгаштыруу жактары, өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн, аларды көзөмөлдөөнүн жана профилактикалык жолдорун, приоритеттүү багыттарын изилдей алган. Андан сырткары, Кыргызстандын аймактарында изилдөө жүгүзүү бул өзү чоң илимий эмгекти талап кылат.

Негизинен кетирилген кемчиликтер, стилистикалык, грамматикалык катачылыктар диссертациянын беделин түшүрбөйт. Ошондуктан ишти коргоого сунуштайм.

**Акматов Ө.С. – филос.и.к., доцент:** Изденүүчү К.У.Каримованын бул эмгектин үстүнөн узак убакыттан бери иштеп жаткандыгы тууралуу маалыматым бар. Андан сырткары, бир топ илимий-практикалык конференцияларда биз бирге болуп, илимий темасы боюнча докладдары менен чыгып сүйлөп жүргөнүн да билебиз. Эмгекте анкеталык изилдөөнүн негизин түзгөн статистикалык сандарды сүйлөтүүгө жетишкен. Менин оюмча бул абдан оор жумуш. Бул бир жагынан мени кубантса, экинчи жагынан таң калтырчу. Негизинен, эмгекте социологиялык материалдар илимий айлампага киргизилген, илимий терминминдер өз ордунда колдонулуп жогорку деңгээлде анализденип, изденүүчү тарабынан тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган жана чоң эмгек жасалган. Ошондуктан, изилдөөнүн масштабдуулугу концепталдуу талдоо денгээли диссертациялык талаптарга жооп бере алат. К.У. Каримовага ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Салморбекова Р.Б. – соц.и.д., профессор:** Урматтуу коллегалар, К. Каримованын жасаган эмгеги аябай зор. Илим жолу кыйын жол. Анын негизги илимий-изилдөө тематикасы – өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-турумуна, анын себептери, кесепеттери жана алардын алдын алуу, көзөмөлдөөдөгү социалдык институттардын ролу, мыйзамга каршы

журум-турумдун алдын алуудагы приоритеттүү багыттар алкагына багытталып, мына ошол проекцияда социалдык-гуманитардык илимдер өнүтүндө концептуалдуу талдоо жүргүзүүгө аракет кылган. Ошондуктан, изилдөөнүн илимий концептуалдуу талдоо деңгээли диссертациялык талаптарга жооп берет. Кундузхан Усоновнага ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Марасулова Н. А. – т.и.к., социологиянын доценти:** Диссертация бүгүнкү кыргыз коомундагы актуалдуу иликтөөгө багытталган иш экени талашсыз. Анткени, бул тема бүгүнкү күндөгү негизги маселелерден болгон: Балдардын жана өспүрүмдөрдүн коомдогу көйгөйлөрү жана делинквенттик, девианттык жүрүм-турумдар терең жана ар тараптуу изилденбестен көмүскөдө калып келүүдө. Бул таризде диссертант ар тараптан колдоого татыктуу. Кээ бир, техникалык, стилистикалык каталар бар, бирок бул мүчүлүштүктөр илимий иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Негизинен, коргоого сунуштаймын. Илимий ишине ийгилик каалаймын.

**Кулдышова Г.К. – ю.и.д., профессор:** Бүгүнкү окуяга мен кубанычтамын. Себеби, бул колдоого ала турган иш. Жогорку окуу жайында эмгектенген ар бир жаран эң алгач илимге салымын кошуусу зарыл деп эсептейм. Ошондуктан К.У. Каримованын эмгеги колдоого алаарлык чоң жумуш. Диссертацияда Кыргызстандын аймагындагы өспүрүмдөрдүн мыйзамга каршы жүрүм-туруму алынып, абдан конкреттештирилген, изилдөө ыкмалары, чыгарылган жыйынтыктары ынанаарлык. Диссертациядагы кээ бир техникалык мүчүлүштүктөрдү изденүүчү эске алуусу керек. Жалпысынан алганда, эмгек жакшы жазылган, ошондуктан К.У. Каримовага ийгилик каалайм жана баарыңыздар колдоп берсеңиздер.

**Мусаева А. - с.и.к., соц. доценти:** Мен бул диссертация менен таанышып чыктым. Тема абдан актуалдуулугу менен мени өзүнө тартты жана бул эмгектин кыргыз тилинде жазылгандыгы абдан жакты. Жалпылап айтканда, өспүрүмдөрдүн терс, коомго жат жүрүм-туруму анын ичинде мыйзамга каршы жүрүм-туруму – кадимки социалдык көрүнүштөргө айланууда. Өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунда социалдык институттардын ролу эң чон. Андыктан балдардын туура адаптацияланышы, мыйзамсыз журум-туруму мамлекет тарабынан, коом тарабынан, үй-бүлө жана мектеп тарабынан катуу көзөмөлгө алууга маани берилген. Аталып жаткан теманын актуалдуулугу эң маанилүү жана келечек көйгөйлөрүн жеңилдетүү үчүн көрүлгөн чаралардын бири деп эсептеймин.

Сунуш катары айтаарым, бир топ илимий терминдер учурда которулган, ошондуктан дагы аракеттенип, толук кандуу кыргызча жазууга

болот. Мисалы, методология, мотив, практикалык мааниси, тенденция сыяктуу сөздөрдүн котормолору бар.

Ар бир баптын аягындагы жыйынтыктарга кененирек токтолсо дурус болмок. Жыйынтыктап айтканда, диссертацияда сүйлөмдөр туура, так берилген. Айрым учурда грамматикалык каталар кездешет, бирок бул мүчүлүштүктөр илимий иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Изденүүчү К.У. Каримовага ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Турдубаева Э. – соц.и.к., доцент:** К.У. Каримованын диссертациясы учурдагы актуалдуу темага арналган. Абдан чоң жумуш жасагансың. Өзгөчө өздүк материалдар көп. Эң негизгиси сурамжылоо жүргүзгөнгө жетишипсиң. Сурамжылоо абдан оор жана түйшүктүү жумуш, ошентсе да аны ийгиликтүү жүргүзүп, абдан маанилүү жыйынтыктарды алгансың жана тыкан анализденген. Мени ошол эмгегиңер кубандырды. Структура боюнча анкетадагы изилдөөнүн конкреттүү темасын көрсөтө алган. Ошондуктан диссертациянын деңгээли жеткиликтүү. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык бөлүгүнө кыргыз илимпоздорунун эмгектерин кошулуусун сунуштаймын. Эмгектин кыргыз тилинде жазылганын колдойм, ошентсе да кээ бир мүчүлүштүктөрдү жоюу керек. Диссертациянын ар бир бөлүгү боюнча кыскача жыйынтыктарга кеңири токтолсо болмок. Илимий аппараты жаңы талапка ылайык ирээтке келтирилген. Негизинен бул абдан чоң эмгек. Ошондуктан, коргоого сунуштайм жана ийгилик каалайм.

**Маткаримов Н. – соц.и.к., доцент:** Мен да диссертацияны карап чыктым. Албетте, илимий эмгек учурдун актуалдуу темасы. Эмгек социологиялык материалдарга бай илимий жыйынтыктары жетиштүү. Ошону менен бирге эле айрым сунуштарды айтып өтсөм. Изилдөөдө кээ бир маалыматтарды толуктаса болот. Мисалы, ата-мекендик окумуштуулар деп караган, анда алардын эмгектерине теренирек токтолсо туура болот. Мага, түзүлгөн таблицалар, диограммалар абдан жакты, бирок, таблицасын иреттештирүүнү сунуштаймын. Андагы сандар жана ага карата чыгарылган пайыздар жакшы каралып чыккан. Бул чоң эмгек менен жазылган. Ошондуктан, сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылам жана ийгиликтүү коргоп алат деп ишенем.

**Токторбекова Н. - т.и.к., доцент:** Диссертация учурдагы ааламдашуу шартында абдан актуалдуу. Анткени, Кыргызстандын эң негизги байлыгы – анын калкы, келечек муундары. Кыргызстандагы оспүрүмдордүн делинквенттуу жүрүм-турумунун бүгүнкү күндөгү абалы, коомдук адаптацияланyy процессиндеги көйгөйлөр, алардын прогрессивдүү жана регресивдүү жагдайлары социологиялык изилдөөгө алына элек болчу. Ошондуктан, бул кандидаттык диссертация деңгээлиндеги изилдөө талапка

ылайык деп эсептейм. Негизинен эмгек жогорку илимий деңгээлде жазылган жана коргоого сунуштаймын.

**Жаркынбаев Т. – т.и.к., доцент:** Мен диссертация менен таанышып чыктым, илимий эмгекте, ата-энесиз калган балдардын түрдүү көйгөйлөрү учурда актуалдуу маселеге айланып, билим берүү жана социалдык тарбия багытындагы илим-изилдөө институттарында негизги маселе катары каралып жатат. Теориялык-методологиялык изилдөөнүнүн негизи болуп «өспүрүмдөр феномени» иштелип чыгып, коомдогу өзгөрүүлөр талапка жараша жаңы социофеноменди изилдеп, социалдык чектен чыгуунун бир формасы катары мыйзамсыз журум-турумду үй-бүлөлөрдүн жана коомдун ар кандай факторлордун өсүшүнө байланыштырылган. Ошондуктан, коргоого сунуштайм жана илимий ийгиликтерди каалайм.

**Абдувапова А. – улук окутуучу:** Диссертацияда анкеталык изилдөө терең каралган. Анын ар бир мектеп-интернаттарына, балдар үйлөрүнө барып балдар менен түз мамиледе болуп изилдөө жүргүзгөндүгүнө күбөмүн. Илимий иш адекваттуу, рационалдуу түзүлгөндүгүн жана бул боюнча иш алып барууга боло тургандыгы адамды кубандырат. Кээ бир текстерди которууда мүчүлүштүктөргө жол берилген, бирок бул илимий иштин беделин түшүрбөйт жана коргоого сунуштайм.

**Карабаева И. - улук окутуучу:** Диссертациянын структурасы логикалык байланышта жакшы түзүлгөн. Изилдөө темасы боюнча социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, чоң эмгек жасалган. Бул тема боюнча атайын изилдөөлөр, өзгөчө Кыргызстанда социологиялык багытта ушул мезгилге чейин мындай эмгек жазылбаган. Илимий айлампага киргизилип жаткан материалдары жаңы жана эмгектин практикалык мааниси да чоң. Ошондуктан ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Мырзалиева Т. Ж. – окутуучу:** Диссертация актуалдуу, ушул мезгилге чейин бул багытта атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Тема учурдун талабына жооп берет. Келечек муундары болгон – өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн ачып чыгуу менен алардын маселелерин алдын алуу боюнча аракеттенген, “Илим – ийне менен кудук казгандай” дегендей илимий, эмгектик практикалык ачылыштарга колдоого алаарлык эмгек жасалган. андыктан коргоого сунуштайм жана Кундуз Каримовага ийгилик каалаймын.

**Каримова Д.С. – окутуучу:** Илимий эмгек учурдун эң актуалдуу, бүгүнкү күнгө чейин терендетилип изилденген эмес жана учурдун талабына жооп берет. Диссертация толук, максатка ылайыктуу, чыгармачылыктуу иш аракеттери байкалып турат жана талапка жооп берет деп эсептеймин. Диссертацияны коргоого сунуштаймын жана илимий ишине ийгилик калаймын.

**Төрага:** – Урматтуу коллегалар, буга чейинки чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин эске алып, мен жыйындын талкуусун токтотуп, жыйынтыктоону сунуштаймын. ОшМУнун Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Кундузхан Усоновнаны атайын түзүлгөн диссертациялык кеңешине сунуштоону колго саламын.

Макул – “17”;

каршы – ” жок”;

калыс – ”жок”. Бир добуштан кабыл алынды.

Жыйында негизинен күн тартибине коюлган ОшМУнун Юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедрасынын изденүүчүсү Каримова Кундузхан Усоновнаны атайын түзүлгөн диссертациялык кеңешине сунуштоо маселеси кеңири талкууга алынып, чыгып сүйлөгөн жолдоштордун сунуштарын эске алып, ачык колго салуунун негизинде төмөнкүдөй токтом кылат.

---

**Т О К Т О М :**

1. Өткөрүлгөн талкуунун негизинде Каримова Кундузхан Усоновнанын 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темада социология илимдеринин кандидаттык даражаны алуу үчүн жазган диссертациясы ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияга коюлуучу талаптарга жооп берет.

2. Диссертациянын автору Каримова Кундузхан Усоновна 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темада жазган диссертациясы социология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражасын алууга толук арзыйт жана кандидаттык диссертациясы атайын түзүлгөн диссертациялык кенеште коргоого сунуш кылынат.

**Кеңейтилген жыйындын төрагасы,**
**т.и.к., доцент:** **Жаркынбаев Т.Ж.**

**Катчысы:** **Билимбек уулу Ы.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20 20 ж. « 21 » декабрь
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.